# ПЛЕНАРНОЕ ЗАСЕДАНИЕ

# «ЗВЕЗДА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА НА МИРОВОМ ЛИТЕРАТУРНОМ НЕБОСКЛОНЕ»

**Ибраев А.О.,**
*Махмуд Кашгари-Барскани атындагы*
*Чыгыш университетинин ректору,*
*саясат таануу илимдеринин кандидаты, профессор*

Кыргыздын атын дүйнөгө тааныткан, улуу даанышман, чебер сүрөткер, залкар инсан Чыңгыз Айтматовдун дүйнөдөн өткөнүнө 10 жылга жакын аралык болсо дагы анын чыгармалары адамзат ааламында күнү бүгүнкүдөй жашап келет.

Улуу сүрөткердин калеминен жаралган көркөм дөөлөттөрү, алардын маани-маңызы жалпы адамзатка таандык нравалык, моралдык-этикалык, социалдык маселелердин түйүнү адам проблемасы менен байланышта келип, ошол учурдун философиялык ой чабыттарын, дегеле адам баласынын акыл-эсинде абалтан чиеленишип чечилбей келе жаткан түбөлүктүү маселелерге барып такалат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы турмуш чындыгы менен шайкештиги, адам дилиндеги жашап келген татаал кубулуштарды сүрөттөй билгендиги менен баалуу экендиги ырас.

Кыргыздын эле эмес дүйнөлүк деңгээлдеги жазуучунун чыгармачылык феномени жаркын келечекте да түбөлүктүү болуш үчүн Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинде уюштурулуп жаткан «Ч.Айтматовдун ааламы» өңдүү илимий-практикалык конференциянын өтүшү мезгил талабы болуп саналат.

Ошондой эле жогоруда айтылгандай, Чыңгыз Айтматовдун феноменине тең келер чыгармачыл залкардын жаралышына дал ушундай илимий иш-чаралар себепкер болору анык. Сүрөткердин чыгармачылыгындагы мифология менен фантастика, реализм менен романтика же болбосо библия менен санжырага чейинки маселелердин баарысы адамзат проблемасына байланыштырылып, аңгемеден тартып романга чейинки чыгармачылык байсалдуу жолунда чагылдырылып келген маселелердин канчалык деңгээлде изилдөөгө муктаж экендиги да  бүгүнкү конференцияда окула турган баяндамалар аркылуу чечмеленет деген ишенимдебиз.

Жазуучу тарабынан кандай гана образ жаралбасын ал терең психологизмге сугарылган каармандын портрети аркылуу көз алдыга келет. Ч.Айтматов өзү айткан «Канткенде адам уулу адам болот» деген маселенин өзөгү бир катар окумуштуулардын эмгектеринде изилденди. Ошентсе да Айтматовдун чыгармачыл философиялык ой дүйнөсү дагы да терең изилдөөгө муктаж.

Айтылганынан айтыла элеги көп. Ошондой эле изилденгенинен изилденбегени көп. Бул маселенин чечилиши албетте, келечек муундардын колунда. Анткени адамзат жашап турганда Ч.Айтматовдун чыгармаларында айтылган ойлор менен адам баласы үзөңгүлөш жашай бермекчи.